Утверждаю [signature]

11-класс 06.10.2022 ж

Сабактын темасы: Экинчи дүйнөлүк согуш.

Сабактын максаттары:

1. Билим берүүчүлүк: Окуучулар экинчи дүйнөлүк согуш боюнча маалымат алышат. Теманын үстүнөн талкууга активдүү катышат. Видео материалды көрүү менен карточкадагы суроолорго жооп беришет. Өз ойлорун эркин айтышат.
2. Өнүктүрүүчүлүк: Экинчи дүйнөлүк согуш боюнча түшүнүгүн, өз оюн эркин айтуу менен элестетүүсү, кыялдануусу, кабыл алуусу, чыгармачыл, логикасы, ой-жүгүртүүсү калыптанат.
3. Тарбиялык: Улуттар аралык ынтымактуулукту, мамилелерди чыңдоого, бири-биринин оюн уга билүүгө, патриоттуулукка тарбияланышат.

Сабактын тиби: Аралаш.

Сабактын методу: интерактивдүү.

Колдонулуучу ыкмалар: Аңгемелешүү, суроо ж.б

Сабактын жабдылышы: интерактивдүү доска, китеп, темага байланыштуу таркатмалар, карточкалар, сүрөттөр, видеоматериал ж.б.

Сабактын жүрүшү:
1. Уюштуруу
2. Өтүлгөн теманы кайталоо.
3. Суроолорду берүү менен кыскача аңгеме жүргүзүү.

Жаңы теманы түшүндүрүү.

XX к 30-ж.ж дүйнөдө согуш коркунучунун эки очогу түзүлгөн. Европада - Германия, Ыраакы Чыгышта - Япония. СССР 1934-ж Улуттар Лигасына мүчө болуп, улуу державалар катары таанылган. Гитлер Сталинди өз тарабына тартуу максатында 1939 ж 24-августунда бири-бирине кол салышпоо жөнүндөгү пактыга кол коюшкан. Бул келишимге кол коюу менен СССР да жаңы согуштун башталышына катышуучу болуп калган. Экинчи дүйнөлүк согуш 1939-ж 1-сентябрда Германия Польшага басып кириши менен башталган.

1940-ж 22-сентябрдо Германия, Италия жана Япония Үчтүктөр пактысына-негизинен дүйнөнү бөлүштүрүү жөнүндөгү келишимге кол коюшат. Кийинчерээк бул келишимге Румыния, Венгрия, Болгария, Словакия, Хорватия да кошулат.

**Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы.**

1941-ж башында эле Сталинге советтик чек арага бастоот немец аскерлери топтолуп жаткандыгы тууралу кабар алган. Бирок бул маалыматты Англиянын амалы деп түшүнгөн. Ошентип 1941-ж 22-июнда Германия Россияга кол салган.

Үчтүктөр келишимине кол койгон Япония Француздан жеңилгенден кийин 1941-ж 7-декабрда Япон эскадрасы АКШнын Тынч океанындагы Пёрл-Харбор башкы аскердик-деңиз базасын басып алат. Мындан соң АКШ менен Англия Японияга, Германия менен Италия СССРге согуш ачкан. Германия СССРге кол салгандан кийин коммунисттик партиялар 1943-ж Польшада, Югославияда, Албанияда, Грецияда партизандык отряддар түзүлгөн.

**Тегеран конференциясы.** 1943-ж аягында согуштун кардинал союздаштардан 1944-ж согушту токтотууну талап кылган.

1945-ж 17-июнь - 2-августа СССР, АКШ жана Улуу Британия Подсдам конференциясында Германияны толук куралсыздандырып, демократиялык негизде кайра түзүү жөнүндө чечим кабыл алган. АКШ Япониянын багынып берүүсүн талап кылган. Ага көнбогон Японияга 1945-ж 9-августа Хиросима жана Нагасаки шаарларына атом бомбасын таштаган. Анда 114миң япон набыт болгон.

1945-ж 2-сентябрдо Япон өкмөтү багынып берүү актысына кол коюшу менен Экинчи дүйнөлүк согуш аякталган.

Экинчи дүйнөлүк согушка 72-мамлекет катышып, согуштук аракеттер негизинен 40 өлкөнүн аймагында жүргөн.

110 миллион ашык адам катышып, согуштун жүрүшүндө 62 млн го жакын адам (анын ичинде 27 млн советтик жарандар) курман болгон. Экинчи дүйнөлүк согуш адам зат тарыхындагы эң ири кыйратуучу согуш болуп калды. Жаңы теманы түшүндүрүүдө интерактивдүү доскада видеоматериал көрсөтүлөт.

Жаңы теманы бекемдөө: 1. Окуучулар топторго бөлүнүшөт, чыгармачылык менен иштешет.
2. Презентациялашат. теманын үстүндө

Талкуулоо үчүн суроолор: 1. Окуучулар карточкаларга жазып, тобу менен талкуулап жооп беришет.
2. Өз оюларын эркин айтышат.

Тема боюнча тыныгуу: Географиялык оюн.

Сабакты жыйынтыктоо: Окуучулар тема боюнча өз ойлорун ортого салышат.

Үйгө тапшырма берүү: Согуштун жыйынтыгы, согуш каармандарын жазалоо. Окуп келүү.

Мугалим: Абдылдаев М. А.